**ЖОБО**
**Кыргыз Республикасынын жогорку окуу жайларынын улуттук тармагы «Жашыл жана санариптик университеттер» жөнүндө**

## 1. Жалпы жоболор

**1.1.** Тармак — туруктуу өнүгүү, жашыл экономика, санариптик трансформация жана инновациялык технологиялар багытында кызматташуу үчүн түзүлгөн улуттук, ачык жана ыктыярдуу платформа болуп эсептелет.

**1.2.** Тармак Кыргыз Республикасынын 2018–2040-жылдарга карата туруктуу өнүгүү стратегиясынын жана Кыргыз Республикасынын 2026-жылга чейинки улуттук өнүгүү программасынын принциптери жана максаттары менен жетекчилик кылат.

## 2. Тармактын максаттары жана милдеттери

**2.1. Тармактын максаттары төмөнкүлөр болуп саналат:**

• университет чөйрөсүндө экологиялык жана санариптик демилгелерди илгерилетүү;
• өлкөдөгү жогорку окуу жайларынын академиялык жана илимий кызматташтыгын чыңдоо;
• туруктуу өнүгүү, жашыл технологиялар жана санариптик инновациялар боюнча биргелешкен долбоорлорду иштеп чыгуу жана ишке ашыруу;
• окутуучуларды, изилдөөчүлөрдү жана студенттерди аталган багыттар боюнча потенциалын өнүктүрүү.

**2.2. Тармактын негизги милдеттери төмөнкүлөрдү камтыйт:**

• тараптардын ресурстук базасын жана инфраструктурасын биргелешип колдонууга жана жеткиликтүү кылууга шарт түзүү;
• долбоордун алкагында иштелип чыккан “Жашыл жана санариптик университет” моделин жогорку окуу жайларына киргизүү;
• долбоор аяктагандан кийин дагы Тармактын артыкчылыктуу багыттары боюнча биргелешкен ишмердүүлүктү улантуу;
• университеттерди санариптештирүү жана экологиялаштыруу боюнча мындан аркы иштер үчүн гранттык программаларга биргелешкен арыздарды даярдоо жана тапшыруу;
• кампустарды экологиялаштыруу жана ресурстарды башкаруу (суу, энергия, калдыктар);
• административдик жана билим берүү процесстерин санариптештирүү;
• туруктуу өнүгүү, климат, жасалма интеллект, Big Data жана санариптик көндүмдөр боюнча курстарды жана билим берүү программаларын киргизүү;
• долбоордун каржылык колдоосу менен түзүлгөн жашыл жана санариптик

кеңселердин базасында стажировкаларды, семинарларды, тренингдерди жана илимий-изилдөө иштерин өткөрүү;
• туруктуу өнүгүү боюнча биргелешкен илимий изилдөөлөрдү жана отчетторду жарыялоо.

## 3. Мүчөлүк жана өнөктөштүк

**3.1.** Тармактын мүчөсү болуп Кыргыз Республикасынын аккредитациядан өткөн жогорку окуу жайлары боло алышат.

**3.2.** Жаңы мүчөлөрдү кабыл алуу арыздын негизинде жүргүзүлөт жана Тараптардын жалпы жыйынында каралат.

**3.3.** Тармак өнөктөш уюмдардын (мамлекеттик түзүмдөр, бейөкмөт уюмдар, илимий-изилдөө борборлору) байкоочу же кеңешчи макамында катышуусун кубаттайт.

**3.4.** Тармакка Кыргыз Республикасынын башка билим берүү мекемелеринин кошулуусуна жол берилет, мунун үчүн Тармактын катышуучуларынын көпчүлүгүнүн макулдугу талап кылынат.

**3.5.** Тараптар Тармактын ишине үчүнчү тараптарды, анын ичинде чет өлкөлүк илимий жана билим берүү уюмдарын Тармактын ассоцияланган мүчөлөрү катары тартууга укуктуу.

## 4. Уюштурулуштук түзүмү

**4.1. Тармак төмөнкү тартипте башкарылат:**

• **Тармак Кеңеши** – стратегиялык чечимдерди кабыл алган жогорку орган. Ал ар бир университеттен эки өкүлдөн турат жана күнүмдүк ишмердүүлүктү координациялайт, коммуникацияны жана административдик колдоону камсыздайт.

• **Тармак Кеңешинин Төрагасы** Тармактын мүчө-ректорлорунун арасынан шайланат жана ар үч жылда кайра шайланышы мүмкүн.

• **Тармак Кеңеши** өзүнүн иштерин бекитилген планга ылайык жылына кеминде бир жолу өткөрөт. Жыйындарды видео же аудио конференция форматында өткөрүүгө да жол берилет.

• Кеңештин негизги функциясы – Тармактын максаттарына жетүү үчүн кызматташуунун негизги принциптерин иштеп чыгуу жана концептуалдык чечимдерди кабыл алуу.

• Тармак Кеңешинин жыйыны кворумга ээ деп эсептелет, эгер чечим кабыл алууга Тармактын иштеп жаткан мүчөлөрүнүн кеминде **2/3 бөлүгү** катышса.

• Тармак Кеңешинин чечимдери жыйынга катталган мүчөлөрдүн добуш берүүдө көпчүлүк добушу менен кабыл алынат.

• Тематика боюнча жумушчу топтор түзүлөт (мисалы, «жашыл кампус», «санариптик билим берүү», «энергетика» ж.б.).

**4.2.** Тармактын расмий тилдери — **кыргыз**, **орус** жана **англис** тилдери.

## 5. Тармактын ишмердүүлүгүн каржылоо

**5.1.** Каржылоо төмөнкү булактардан жүргүзүлөт:
• GREENKG долбоору;
• ыктыярдуу мүчөлүк төлөмдөр;
• эл аралык гранттык программалар;
• университеттерден, фонддордон жана жеке донорлордон багытталган каржылоо.

**5.2.** Ар бир Тарап Тармактагы өзүнүн катышуусуна байланыштуу чыгымдарды өз алдынча көтөрөт, эгерде башкача шарт өзүнчө келишимдерде каралбаса.

**5.3.** Ушул жобо аны кол койгон Тараптарга эч кандай мүлктүк же каржылык милдеттенмелерди жүктөбөйт.

## 6. Укуктук статусу жана юрисдикциясы

**6.1.** Тармак юридикалык жак эмес, эгер келечекте башкача макулдашуу болбосо.

**6.2.** Тараптардын Тармак алкагындагы ишмердүүлүгүнүн укуктук негизи төмөнкүлөр болуп саналат:
— Кыргыз Республикасынын мыйзамдары;
— ушул Жобо;
— Тармактын өнүгүү планы;
— Тармактын уюштуруучулук келишимдери жана макулдашуулары;
— ошондой эле Тараптардын өз ара жана үчүнчү тараптар менен түзгөн башка келишимдери.

**6.3.** Ушул Жобонун алкагында Тармактын иш программасын ишке ашырууда жаралган интеллектуалдык менчик объектилерине (өстүрүмдөр, ыкмалар, пайдалуу моделдер ж.б.) болгон укуктар тиешелүү натыйжаларды алган Тараптардын ортосунда тең бөлүштүрүлөт.

**6.4.** Бардык талаш-тартыш маселелер сүйлөшүүлөр жолу менен чечилет. Эгер макулдашуу мүмкүн болбосо — Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык чечилет.

**Ушул Жобо Ош мамлекеттик университети тарабынан иштелип чыккан.**